| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ<br><br>САДЫР АКЕ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫ АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

**Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышынын кезексиз 19-сессиясы**

# ТОКТОМ

**2023-жылдын октябрь айынын 05и № 94** **Григорьевка а.**

**Садыр аке айыл аймагындагы А.С.Пушкин атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин чатырын алмаштыруу жөнүндө**

Садыр аке айыл аймагындагы А.С.Пушкин атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин чатырын алмаштыруу үчүн дем берүү гранттка 669192 (алты жүз алтымыш тогуз миң жүз токсон эки) сом акча каражаты талап кылынып жаткандыгын эске алып, айыл өкмөтүнүн каржы бөлүмүнүн башчысы Н. Сыдыкованын маалыматын угуп жана талкуулап Садыр аке айыл аймагынын айылдык кеңеши төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен А.С.Пушкин атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин чатырын алмаштыруу боюнча долбоору ишке ашкан учурда өздүк салым катары мектеп бөлүмүнөн 31112390 “Башка имараттарды капиталдык оңдоо” беренесинен 669192 (алты жүз алтымыш тогуз миң жүз токсон эки) сом акча каражаты 2024-жылдын бюджетинин биринчи кварталына коюлсун.

2. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

3. Токтомдун аткарылышы Садыр аке айыл өкмөт башчысы А.Б. Орозалиевге жана ФЭБнүн башчысы Н.У. Сыдыковага милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы “Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча” туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**

*Жиберилди: иш кагазына-1, эсеп-бөлүмүнө-2, Обл. Юст. башк.-2*

**Жергиликтүү депутаттардын XXVIII чакырылышынын Садыр аке айылдык Кеңешинин кезексиз 19- сессиясынын**

**ЧЕЧИМИ 1**

**“05”__10__ 2023-ж** **Григорьевка а.**

1- маселе **А.С.Пушкин атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин чатырын алмаштыруу**

Сессиянын төрагасы: Чичканбаев Б.С
Катчысы: Медерова Мээрим
Катышты: 15 адам
Угулду:

- **Мамытова Г.** – айылдык кеңештин депутаты – бул абдан туура көтөрүлгөн маселе. Бул ишти 2024-жылдын Мамлекеттик дем берүүчү гранттан жалпы сметалык баасынын 80% сурап, жергиликтүү бюджеттен 20% киргизип аткарууга алынышы керек.
- **Чичканбаев Б** - айылдык кеңештин депутаты- Биздин мектептин чатырынын сапаты кетип, мектептин тышкы көрүнүшүн бузуп жатат. Бул маселе боюнча депутаттар талкууга алгандан кийин, айылдык Кеңештин сессиясы төмөндөгүдөй

**ЧЕЧИМ кылат:**

А.С.Пушкин атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин чатырын алмаштыруу үчүн 2024-жылдын бюджетине жалпы сметалык баасынын 20% каралып, калган 80% мамлекеттик дем берүү грантына проект жазып, өткөрүү иштерин айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**Айылдык кеңештин төрагасы** **Чичканбаев Б.С**

**Жооптуу катчы** **Медерова М.И.**